| **Сабактын планы** | |
|---|---|
| Кыргыз тили<br>4-класс | **Моонотү:** 28- сентябрь 2020-жыл |
| Темасы: "Сын атооч" | |
| **Сабактын максаттары:**<br>-окуучулар сын атоочту аныктай алышат, аны башка сөз түркүмдөрүнөн ажырата алышат, сын атоочторду колдонуп, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзө алышат,<br><br>-сын атоочторду өз кебинде туура колдоно алышат. | |
| **Сабактын каражаттары:** (*аларды мугалим, окуучулар сабакта колдоно алышат*) такта, даралган тексттер. | |
| **Сабактын жүрүшү:** (*сабактын ар бир мүнөтү бөлүштүрүлгөн*)<br><br>*1.Уюштуруу учуру (1-2 мүн.)* Мугалим менен окуучулар бири-бирине салам айтышат. Мугалим окуучулардын сабакка даярдыгын - дептерлерди, калем саптарды, калемдерди, окуу китептерин текшерет.<br>*2.Максаттарды коюу*<br>**Мугалим:** Балдар, биз бүгүн сын атооч жөнүндө билгендерибиздин баарын эстейбиз. Сын атоочтун сүйлөмдөгү ролу жөнүндө билебиз. Сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү сын атоочторду колдонуп түзгөнгө үйрөнөбүз.<br><br>Биз азыр «Ким көбүрөөк сөз ойлоп табат?» деген оюнду ойнойбуз. Силер берилген сөздөргө кандай? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү мүмкүн болушунча көбүрөөк келтиргиле. Күн (кандай?) Асман (кандай?) ...Токой (кандай?) ...Булут (кан дай?) Жер (кандай?)...<br><br>**Мугалим:** *Балдар, күн, асман, токой, булут, жер* деген сөздер кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү? (Зат атооч).<br><br>- Ал эми *кандай* деген суроого жооп берген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет? (Сын атооч)<br>Сүйлөмдө сын атооч кандай роль ойнорун тактоо үчүн төмөнкү сүйлөмдөрдө окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табууну сунуштайм. | |

| | |
|---|---|
| Сүйлөмдө сын атооч кандай роль ойнорун тактоо үчүн төмөнкү сүйлөмдөрдө окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табууну сунуштайм.<br>**Жеке иштөө, андан кийин жуптарда иштө (талкуулоо).**<br>1. Күз келди.<br>1. Алтын күз келди.<br>2. Ак куулардын тобу колдун үстүнөн учуп өттү.<br>2. Ак куулардын тобу кечки көлдүн үстүнөн учуп өттү.<br>3. Алыскы тоолордо карагайлар өсөт.<br>3. Алыскы тоолордо жашыл, сымбаттуу, бийик карагайлар өсөт.<br><br>*Бир нече окуучу сүйлөмдөрдү окуп, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын айтышат. Туура жооп берген окуучуларды мугалим мактайт, ал эми ката кетирген окуу чуларга мугалим кайсы жерден кемчилик кеткенин көрсөтөт.*<br>Мугалим балдардын жоопторун уккандан кийин сын атоочтун ролу жөнүндө айтат.<br>**Мугалим:** Азыр биз жазуу түрүндөгү ишти аткарабыз. Бирок, адегенде мен бул иш текшериле турган критерийлерди айтам.<br><br>Мугалим баалоо критерийлерин айтат:<br>**1. Сын атоочторду туура колдонуу.**<br>**2. Грамматикалык ченемдерди сактоо.**<br><br>**1-тапшырма**. Чекиттердин ордуна мааниси боюнча ылайык келген сын атоочторду коюп, көчүрүп жазгыла.<br>**1-текст**<br>Кыргызстанда жаратылыш... .Кыргызстанды көп учурда ... өлкө деп аташат, анткени бизде... тоолор көп. ... суулардын жээктеринде...токойлор өсөт. Дарыялардагы суулар ... жана ... .<br>**Колдонуу үчүн сөздөр:** тунук, муздак, бийик, эң сонун, тоолуу, калың.<br>Окуучулар ишти өз алдынча аткарышат. Иш аткарылгандан кийин мугалим окуучуларды жанындагылар менен дептерлерин алмашууну суранып, бири-биринин ишин баалоо критерийлери боюнча текшерүүнү тапшырат. Баа коюлбайт, болгону окуучулар туура түзүлгөн сөз айкаштарын белгилешет. | «Сөз менен баалоо» деген калыптандыруучу баалоонун техникасы. (оозеки кайтарым байланыш). *Мугалим окуучуну туура жооп үчүн оозеки мактоо менен оозеки кайтарым байланыш жүргүздү. Ошондой эле кээ бир окуучулардын көңүлүн көнүгүүнү аткаруудагы \| каталарга бурду. Мугалим баа койгон жок. Окуучулар керектүү комментарийлерди алышты.*<br><br>Мугалим бири-бирин баалоо усулун колдонду.<br><br>*Бул усул окуучуларга бири-биринин иштерин баалоо аркылуу өтүлгөн материалды бышык тоого мүмкүнчүлүк берет.* |

| | |
|---|---|
| Тапшырма текшерилгенден кийин мугалим 2-3 окуучуну бир өз текшерген иштерине комментарий берүүнү суранат. Андан \| кийин мугалим тапшырма берет, баалоо критерийлерин атайт.<br><br>**1. Сын атоочторду туура колдонуу.**<br>**2. Сын атоочторду мүмкүн болушунча көбүрөөк санда колдонуу.**<br>**2-тапшырма.** Мааниси боюнча ылайыктуу сын атоочторду коюп, текстти көчүрүп жазгыла.<br>**2-текст**<br>Кыргызстан - ...өлкө. Кайда карабасаң-... тоолор бизди курчап турат. ... Ысык-Көл дагы ... тоолор менен курчалган. Тоолордо ... мөңгүлөр көп. Алар эригенден кийин ... суулар пайда болот. Тоолордо көп ... жерлер кезигет. Алардын бири – Саймалуу-Таш, ал Көгарт ... ашуусунда жайгашкан. Саймалуу-Ташка жетүү үчүн капчыгай аркылуу өтүш керек. Капчыгайдын капталдары .... жана ... анын бир жагынан ... суу шылдырайт. Саймалуу-Ташты көрүү үчүн ... жана ... жолду өтүш керек. Окуучулар ишти өз ал дынча аткарышат). | |
| Андан кийин мугалим окуучуларга төмөнкү суроолорду берет:<br>• Сын атооч деген эмне?<br>• Сын атооч зат атоочтон эмнеси менен айырмаланат?<br>• Сын аточтун мүнөздөмөлөрү кандай?<br>• Сын атоочтор кайсы суроолорго жооп берет?<br>• Сүйлөмдө сын атоочтордун ролу кандай?<br>• Эмне үчүн биз сын атоочторду кебибизде колдонобуз?<br>• Сын атоочторду колдонуу менен түзүлгөн сөз айкаштарына "Эртең менен..." деген чакан текст түзүү аркылуу мисалдары келтириле.<br><br>**Үй тапшырмасы**<br><br>Мугалим: Үйдөн сунушталган темалардын бирине аңгеме жазып келгиле: "Жайкы жайлоодо", "Тоо жаныбарлар дүйнөсү" Аңгемедеги сын атоочтордун алдын сызгыла.<br><br>Үй тапшырмасын баалоонун критерийлерин мугалим окуучулардын эсине салат:<br><br>**1. Сын атоочторду туура колдонуу.** | **Калыптандыруучу баалоо***:*<br>*Мугалим аталган текшерүүнүн формасын***(калыптандыруучу сурамжылоо)** *жазуу иштен кийин дароо колдонду, жооп берген окуучуларга мугалим тактоочу суроолорду:* ***Эмне үчүн? Кайсы? Кандайча?*** *ж.б. суроолорду берип турат.* |

| | |
|---|---|
| **2. Сын атоочторду мүмкүн болушунча көбүрөөк санда колдонуу.**<br>**3. Грамматикалык ченемдерди сактоо.** | |

Баалоо: